Германия Федеративдүү
Республикасынын Элчилиги
Бишкек

бул.Эркиндик, 21
«Орион» Бизнес-борбору
720040 Бишкек,
Кыргыз Республикасы
Виза бөлүмүнүн номери: + 996-312-627100
Факс: +996-312-627135
Германиядан факс: + 49 30 1817 67193
Электрондук почта: visa@bisc.diplo.de
Интернет: www.bischkek.diplo.de

## Кеч отурукташкандар жана

## алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн виза

**Жалпы маалымат**

Сураныч, арызыңызды тапшыраардан мурун Улуттук визага арыз берүү боюнча жалпы көрсөтмөлөрдү окуп чыгыңыз.

Бардык документтер немис котормосу менен берилиши керек. Бардык түп нускалар жана бардык котормолор бир көчүрмө менен берилиши абзел.

Төмөнкү тизме сизге документтериңиз толук даярдалганын белгинин жардамы менен текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бардык тизмеленген документтер көрсөтүлгөн **формада жана ырааттуулукта** тапшырылышы керек.

| | |
|---|---|
| **Виза арызынын контролдук тизмеси**<br>Төмөнкү документтер ар бир арызга толук топтомдо тапшырылышы керек | |
| ☐ | Жарактуу эл аралык паспорт, (арыз ээси өзү кол койгон, кеминде 2 бош баракчасы бар) |
| ☐ | Кабыл алуу жөнүндө билдирүү/кошуу жөнүндө билдирүү (Aufnahmebescheid/ Einbeziehungsbescheid) түп нускада же Германияда нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө |
| ☐ | 2 актуалдуу биометрикалык фотосүрөттөр (2 чапталган, 1 бош тиркелген; өлчөмү: 3,5x4,5; 6 айдан ашпаган мөөнөттө тартылган; ретуш жасалбаган). |
| ☐ | жашап туруу уруксатын алуу үчүн 1 арыз, анын ичинде аймакта болуу жөнүндө № 54 мыйзамынын талаптарына ылайык арыз, толук толтурулган жана кол коюлган. |
| ☐ | Жеке маалымат камтылган жарактуу паспорттун барагынын 1 жөнөкөй көчүрмөсү. |
| ☐ | Туулгандыгы, асырап алуу, нике, ажырашуу, өлгөндүгү, фамилиясын өзгөртүү тууралуу күбөлүктөр. |
| ☐ | Соттолбогондугу тууралуу мааоымкат. |
| ☐ | Катталган адамдардын реестринде каттоодон акыркы чыгаруу жөнүндө күбөлүк. |
| **Жашы жете элек балага** | |
| ☐ | жашына карабастан, ата-энеси же камкорчулары тарабынан кол коюлган жеке анкета |
| ☐ | Эгерде бала ата-энесинин бири менен саякатка чыкса, анда төмөнкүлөр милдеттүү түрдө түп нускада жана көчүрмөдө тапшырылыт:<br>• баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүк,<br>• эгерде бар болсо, өзгөчө камкордукту ырастоо (мисалы: ата-энелик укуктан ажыратуу жөнүндө соттун чечими же өлүм жөнүндө күбөлүк),<br>• болбосо: башка ата-эненин макулдугу (нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн, акыркы алты айдын ичинде толтурулган) |

| Эгерде кеч отурукташкан адам (§ 4 BVFG Федералдык сүргүндөр жана качкындар мыйзамы) Германияга кеткен болсо, анда төмөнкү кошумча документтер берилиши керек: | |
|---|---|
| ☐ | Жашаган жери боюнча каттоодон өткөндүгү жөнүндө учурдагы күбөлүк (учетко туруу эмес!) же жашаган жеринен маалымкат (арыз тапшырууга чейин 14 күндөн кем эмес берилген) |
| ☐ | Кеч отурукташкан статусунун күбөлүгү (§ 15 (1) сүргүндө жана качкындар боюнча Федералдык мыйзамдын BVFG). |
| ☐ | Эгерде кеч отурукташкан кете элек болсо жана буга чейин Германиянын башка элчилигинде же консулдугунда виза алган болсо, анда арыз берүүдө сиз кеч отурукташкандын паспортунун жана визасынын көчүрмөсүн беришиңиз керек. |
| **Чет өлкөлүк камсыздандыруу полиси** | |
| ☐ | 1 айлык мөөнөткө, минималдуу камсыздандыруу суммасы: 30 000,- €, Шенген аймагында жарактуу. |